23.09.22г.

**Алып баруучу:** Мамлекеттик тил күнүнө арналган “Мен кыргызмын тоо койнунда төрөлгөн” аттуу адабий-музыкалык композицияны баштоого уруксат этиңиздер!

Өмурзаков Мухаммад:

Кыргызстан менин мекеним! Өзүнүн кооздугу, элинин меймандостугу менен ал мени өзүнө тартып турат. Кыргыз мамлекетинин өзүнүн тарыхы, маданияты, үрп-адаты,салт-санаасы бар. -;Улуттук баалуулуктарга ээ болгон эгемен мамлекетибиздин «Эне тил» күнүн белгилөө салтка айланып, 1989-жылдын 23-сентябрынан бери белгиленип келе жатат.
Жогоруда айтылгандай, тарыхтан, маданияттан сабак албай туруп, кыргыз баалуулуктарына, нарк-насилине кайрылбай туруп, мамлекетти өнүктүрүү дегеле мумкун эмес. Элибиздин келечеги биримдикте, ынтымакта. Биз жакты окуп, билим алып, келечекте мамлекетибизди өнүктүрүүгө салымыбызды кошуубуз керек.

**Жакшылыкова Айпери:**

Бүт ааламды бир өзүнө сыйдырган залкар жазуучу Ч.Айтматов эне тилди терең баалап:;«Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу — бул Манас, анда кыргыздын кең келечеги ынтымак, биримдикте экендиги терең сүрөттөлгөн. ««Манас» эпосун жараткан кыргыз тили - бул бай тил» деген.

**Кубатбек Жакыповдун төмөндөгу ыры музыканын коштоосунда 9-класстын окуучусу Өмүрзаков Мухаммаддын көркөм айтуусунда :**

*Алп Манас, бабам Бакай сүйгөн тилим,*

*Алоолоп Ала-Тоодо күйгөн тилим*

*Ак калпак ата-жкурттут насибине.*

*Ааламдан энчи болуп тийген тилим.*

*Эгемен күнгө жеткен азат тилим,*

*Эзелтен ынтымакка башат тилим.*

*Эртеңки келечеги айдан ачык,*

*Эл менен алга карай басат тилим.*

*Асмандан бал-бал жанган жылдыз тилим,*

*Ааламга аты чыккан Чынгыз тилим.*

*Арыбай кылымдарды багынта бер,*

*Ардагым ата мурас — кыргыз тилим.*

**Жакшылыкова Айпери:**
Кыргыз тили- бул биримдиктин. ынтытмактын тили деп билебиз. Мамлекеттик тилдин өнүгүүсү КРнын Конституциясынын 1989-жыл 23-сентябрында кабыл

алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамынан башталып, бүгүнкү күндө бир кыйла ийгиликтерге жетишүүдө. Кыргыз тили жөнүндөгү мыйзамды турмущка ашырууда алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө, бул баарыбызга белгилүү. Кыргыз тили Кыргызстандагы бардык улуттардын башын коштуруп, ынтымак жарчысы болууга тийиш.

**Концерттик программа:**

1. А.Кыдырназаров «Кыргыз көчү» күүсүнө 5-классынын окуучулары бийлейт.
2. «Мен кыргызмын» ырын Камчыбеков Алихандын аткаруусунда

**Жакшылыкова Айпери:**

Кыргыз тилинин мамлекеттик статус алганына 33 жыл толуп турат. Алгылыктуу иштер жүргүзүлүп. мамлекеттик тил катары кыргыз тилинин кадырын көтөрүү багытында бала бакчадан баштап республиканын жогорку окуу жайларында, мектептерде көптөгөн уюштуруучулук иштер жүргүзүлүүдө. «Улут болсоң, тилиң менен улутсуң» дегендей, кыргыздын көөнө, бай тилин эң жакшы өздөштүрүп, турмушубузда пайдаланышыбыз керек. Эне тилдин күйөрманы, мыкты мугалими Тайир Аширбай кыргыз тили жөнүндө поэмасында айтмакчыдай 9-класстын окуучусу Өмүрзаков Мухаммаддын көркөм айтуусунда

*«Кыргыз үнү, мөл булактай тазасың.*

*Кандай тунук нарк насилиң, башатын.*

*Ала-Тоону мекендеген, жердеген,*

*Ак калпактуу кыргыз калкым жашасын!*

*Кыргыз тили сулуулуктун булагы,*

*Кыргызымдын көз мончогу,- тумары.*

*Бабалардын коломтосун өчүрбөй,*

*Бир жакадан баш чыгарып туралы.*

**Концерттик номерлер;**

1. - «Ысык Колдү сагынуу». 9-класстын кыздарынын аткаруусунда
2. .«Кыргызстан» 9- класстын балдарынын аткаруусунла
3. «Кыргыз жерим» — Абдиева Жылдызайдын аткаруусунда

**ЖАКШЫЛЫКОВА АЙПЕРИ:**

Кыргызлын залкар акыны Б.Сарногоев жазгандай:

«Эне *тилин билбеген, эси жогун аныктайт,*

*Эне тилин сүйбөгөн. элин сүйүп жарытпайт».*

Бул чындык экени баарыбызга түшүнүктүү. Али да болсо арабызда эне тилин жакшы сүйлөй албай бурмалап, сөздүн так маанисин түшүнбөгөндөр да жок эмес, Нарын чөлкөмүндөгү белгилуу акын, Эл агартуунун отличниги. бир нече китептердин автору Сагынбай Оруналиевдин «Ойлон, кыргыз» деген дил кайрыгына көңүл буралы: 9-класстын окуучусу Өмүрзаков Мухаммаддын коркөм айтуусунда

*«Өзүнүн тилин жериген, ой... кыргыз сендей чыкпас тек.*

*Мээси бар киши айтабы. Манастын тилин супсак деп.*

*Үйүндө жүрүп бирөөнүн улуттун тилин билбесе.*

*Тарыхын, элдин үйрөнүү түшүно дагы кирбесе.*

*Салтын сактап кыргыздын, санаалаш болуп жүрбөсө.*

*Орусча билбес кыргызды, орусча сөгүп тилдесе.*

*Жалпы үйдө жүргөн жандарды, ким десе болот, ким десе».*

**Алып баруучу:** Мамлекеттик кыргыз тилин өнүктүрүү максатында даярдалган «Мен Кыргызмын Тоо койнунда төрөлгөн» аттуу адабий-музыкалык композициябыз ушуну менен аяктады.
Көңүл бурганыңыздарга чон рахмат!